Simbank | DOSCREDOBANK

**SIMBANK МОБИЛДҮҮ КЫЗМАТЫНЫН РЕФЕРАЛДЫК ПРОГРАММАСЫНА КАТЫШУУ ШАРТТАРЫ**

## 1. ЖАЛПЫ ЭРЕЖЕЛЕР

1.1. Simbank фефералдык программасынын (мындан ары — Программа) уюштуруучусу болуп ОАО «Дос-Кредобанк» (мындан ары — Банк) эсептелет. Банк Simbank мобилдүү банктык сервисин сунуштайт.

1.2. Программа 2025-жылдын 1-майынан тартып күчүнө кирет жана мөөнөтсүз иштейт. Банк каалаган убакта Программанын шарттарын өзгөртүү, токтотуп туруу же толук токтотуу укугуна ээ. Мындай өзгөрүүлөр жөнүндө Банк төмөнкү расмий булактар аркылуу алдын ала кабарлайт:

- тиркеменин расмий сайты (www.simbank.kg);
- Банктын расмий сайты (www.dcb.kg);
- Simbank мобилдүү тиркемеси.

1.3. Программа утуш оюну болуп эсептелбейт. Бонус белгилүү шарттар аткарылган учурда гана берилет жана кокустуктун элементи жок.

1.4. Программага Кыргыз Республикасынын жарандары жана 16 жаштан жогору курактагы адамдар катыша алышат. Катышуучу катары катталуу үчүн Simbank тиркемесинен идентификация өтүп, карта активдештирилиши керек.

1.5. Simbank карталарын берүү милдетине ээ болгон Банк кызматкерлери Программага катыша алышпайт. Бирок кызматкерлер үчүн мотивациялык шарттар жана башка сыйлыктар ички саясатка ылайык жөнгө салынат.

1.6. Бонус төлөмдөрүнө байланыштуу салыктарды төлөө милдеттиги Программанын уюштуруучусуна жүктөлөт. Эгерде календардык жыл ичинде бир катышуучуга төлөнгөн бонус суммасы Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында белгиленген кирешеге салык салынбаган минималдык чектен ашып кетсе, Банк тиешелүү киреше салыгын өз алдынча төлөйт жана аны катышуучуга таандык сумма менен кармап калбайт.

---

## 2. ПРОГРАММАНЫН МААНИСИ

Колдонуучу Simbank тиркемесин башка адамдарга сунуштап, аларды чакыргандан кийин бонус алат. Бонус төмөнкү шарттар аткарылса берилет:

- чакырылган колдонуучу фефералдык шилтеме менен өткөн
- идентификациядан өткөн;
- Simbank картасын активдештирген.

Ошондой эле ошол чакырылган колдонуучу дагы ошол эле шарттарды аткарганда бонус алат.

---

## 3. АНЫКТАМАЛАР

- **Чакыруучу** — Simbank колдонуучусу, идентификациядан өткөн жана картасын активдештирип, жаңы колдонуучуларды чакыруу үчүн өзүнүн персоналдык шилтемеси менен бөлүшөт.
- **Чакырылган** — Simbank'та мурда катталбаган колдонуучу, ал чакыруу менен идентификациядан өтүп, картаны активдештирет.
- **Рефералдык шилтеме** — жаңы колдонуучуларды чакыруу үчүн колдонулган, ар бир колдонуучуга берилген уникалдуу шилтеме.
- **Кешбэк эсеби** — Программа боюнча берилген бонустар түшө турган Simbank тиркемесиндеги атайын бонус эсеби.

---

## 4. КАТЫШУУ ШАРТТАРЫ

4.1. Программага катышуучу болуп саналуу үчүн колдонуучу идентификациядан өтүп, Simbank картасын активдештириши керек. Буга чейин тиркемени колдонуп, аны өчүрүп койгон колдонуучулар кайтадан идентификациядан өтүп жана картаны активдештирмейинче Программага катыша алышпайт.

4.2. Персоналдык чакыруу шилтемеси жана QR-код Simbank тиркемесинде жеткиликтүү. Шилтемени каалаган ыкма менен жөнөтүүгө болот: мессенджерлер, соцтармактар, email ж.б.

4.3. Программага катышуу менен колдонуучу бардык шарттар менен таанышып чыкканын жана макул экенин тастыктайт. Рефералдык шилтемени бөлүшүү — бул эркин жана ыктыярдуу катышууну билдирет.

---

## 5. БОНУСТАР ЖАНА АЛАРДЫ КӨЧҮРҮҮ

**5.1. Чакыруучу үчүн бонус:**

- Ар бир чакырылган жаңы колдонуучу үчүн — 100 сом (эгерде ал идентификациядан өтүп, картаны активдештирсе).
- Бонус автоматтык түрдө Simbank кешбэк эсебине түшөт (категориясы: «Досторду чакырганы үчүн»).
- Эгерде карта активдештирилбесе, бонус берилбейт.
- Номер алмашса, бирок профиль ошол бойдон калса, бардык бонустар сакталып калат.

**5.2. Чакырылган үчүн бонус:**

- Идентификациядан өтүп, картаны активдештиргенден кийин — 100 сом.
- Бонус бир гана жолу берилет.
- Андан кийин ал дагы чакыруучу катары катышып, бонус ала алат.

**5.3. Бонустарды чыгаруу:**

- Рефералдык бонустар «Досторду чакырганы үчүн» категориясында сакталат жана ай сайынгы кешбэк чегине таасир этпейт.
- Кешбэк эсебинен акча чыгаруу үчүн минималдуу сумма — 250 сом.

---

## 6. ШАРТТАРДЫ ӨЗГӨРТҮҮ

6.1. Банк Программа шарттарын өзгөртүү, токтотуп туруу же токтотуу укугуна ээ. Бул тууралуу маалымат расмий булактарда (simbank.kg, dcb.kg, тиркеме) жарыяланат.

6.2. Өзгөртүүлөр жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

---

## 7. СТАТИСТИКА ЖАНА БИЛДИРҮҮЛӨР

7.1. Simbank тиркемесинин рефералдык бөлүмүндө колдонуучунун статистикасы көрсөтүлөт: – рефералдык шилтеме аркылуу канча жолу тиркеме жүктөлдү; – канча карта активдештирилди; – жалпы бонус суммасы.

7.2. Чакырылган колдонуучу карта активдештиргенде, чакыруучуга тиркемеде билдирүү (push) келет.

7.3. Бардык маалымат реалдуу убакыт режиминде жаңыртылып турат.

---

## 8. КОЛДОО

Программа боюнча суроолор жаралса, Simbank колдоо кызматына кайрылсаңыз болот:
📞 Кыска номери: 7700 (мобилдик телефондон).

Рефералдык программа тууралуу расмий маалымат булактары: – Simbank расмий сайты: www.simbank.kg;
– Банктын расмий сайты: www.dcb.kg;
– Simbank мобилдик тиркемеси.
Банк расмий эмес булактар аркылуу таратылган жалган маалыматтар үчүн жооп бербейт.

---

**Simbank мобилдүү банктын кызматы — ОАО «Дос-Кредобанк» тарабынан сунушталат. Улуттук банктын лицензиясы №037.**